**Абдувапова Айнагул Тешебаевнанын «Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# П И К И Р

Айнагүл Тешебаевна Абдувапованын изилдөөсү кыргыз этнологиясында ар тараптан изилдөөнү талап кылган, актуалдуу жана илимий-практикалык жактан маанилүү темага арналган.

Мурдагы пландуу өнүгүү багытынан рынок экономикасына өтүү, чечкиндүү социалдык-экономикалык жана саясий реформалардын жүрүшү, өлкөдөгү социалдык-экономикалык кыйынчылыктар Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнөн кийинки жылдары анын калкынын өнүгүү динамикасына жана мүнөзүнө чечкиндүү таасир тийгизди. Ошондуктан учурда этнодемографиялык жүрүмдөрдү терең жана ар тараптуу изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө илимий иштин актуалдуулугу, максаты, милдеттери, хронологиялык чеги, изилдөө обьектиси аныкталган.

Биринчи бап "Калктын этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдөөнүн тарыхнаамеси, теориялык-методологиялык негиздери жана булактары" деп аталып, анын биринчи бөлүгүндө изилдөөнүн тарыхнаамеси, экинчи бөлүгүндө изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, ыкмалары жана колдонулган булактары тарыхнаамеси каралган.

Экинчи бап "Ош облусунун калкынын өнүгүүсүнүн негизги шарттары" деп аталып, төрт бөлүктөн турат. Анда облустун аймагы жана экономикалык өнүгүүсү, тургундардын рынок шартына ыңгайланышуусунун өзгөчөлүктөрү, облустун калкынын табигый өсүшүнүн маселелери, калктын миграциясы жана

анын анын калктын курамына тийгизген таасири этносоциологиялык изилдөөлөрдүн жана башка материалдарынын негизинде изилденди.

Үчүнчү бап “Ош облусунундагы этнодемографиялык жүрүмдөр” деп аталат жана анда калктын этностук курамындагы өзгөрүүлөр, никелешүүлөр, ажырашуулар, облустун негизги этносторунун жаш-курамдык көрсөткүчтөрү, облуста этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү (шаар жана айыл калкы) изилденди.

Диссертациянын жыйынтыгында изилдөөчү илимий бүтүмдөрдү чыгарган жана практикалык сунуштарды киргизген.

Диссертациялык иштин мазмуну изилдөөчүнүн илимий жыйнактарда, илимий журналдарда жарыяланган бир нече макалаларында чагылдырылган. Алардын ичинен эки макала чет мамлекеттердеги басылмаларда басылып чыккан. Жарыяланган макалалар түздөн-түз иштин мазмунун камтышат.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын «Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык илимий даражаны изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши этнодемографиялык жүрүмдөрдү өздүк этносоциологиялык материалдардын жана башка маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдеген илимий эмгек болуп эсептелет жана мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет.

**Илимий жетекчи,**

**тарых илимдеринин доктору,**

**профессордун м.а.** **Джоошбекова А.Р.**